1



Экинчи кешеге

/АННАНЫН РОЛУ/ 8-карт.

Каренин.- тийишмин.

/ п а у з а/

А Н Н А.- Мен Москвага кетсемби дедим эле.

Каренин.- жакшы болот.

А Н Н А.-/таралган чачынан көз айырбай караган Карениндин көз карашы астында, өзү дагы көз айырбай таамай карап/. Алексей Александрович, мен бир кылмыштуу аялмын, жаман аялмын, ошо боюнча кала бере тургандыгымды өзүңүзгө өгүнү кандай деп айтсам, ошол айтканымдан кайтпай тургандыгымды сизге айтайын деп келдим.

Кареини.- саламын.

А Н Н А.-/аны жүрөксүй карап, апкаарыган үн менен/. Бирок биздин мамиле баштагысындай болуп кала албас. Эми мен сиздин аялыңыз болуп жүрө албаймын, мен эми...

Каренин.- албадым.

А Н Н А.- Алексей Александрович, менден сураганыңыз эмне?

Каренин.- келбейм.

"ПАДЫШАЗАДА МЕНЕН КАТТАН КИЙИН"

Экинчи көшөгө

/АННАНЫН РОЛУ/

А Н Н А.- Сени күтө берип, менин кыйналгандыгымды билбейсиң да! Менин ичим тар болбосо керек эле. Сен мында өз жанымда болгонуңда сага ишенем, ал эми сен өз алдыңча болуп, мен билбеген кандайдыр бир турмушту өткөрүп жүргөнүңдө...

/Анна суурул алып, сөөмөйүнүн учу менен жипти улам- улам илип тартып, торун тордой баштайт. Анын назик манжалары титиркене лыпылдай имерилет/

/Аннанын жаткан бөлмөсү, кечке маал. Анна башын жерге салып жалгыз олтурат, кээде эки жагын тыңшап, кулак салат. Вронский кирет/.

А Н Н А.-/ капилеттен үнү анткор шаңкылдап/.Кандай болду,я Кай жерден сага жолукту Алексей Александрович?

Вронский.- калдык.

А Н Н А.- Ал чын эле сени менен саламдаштыбы/ Анна мостоё түшүп, көзүн жүлжүйтө карап, ырайын дароо өзгөртүп, колун тартып алып олтуруп калат/.

/

Вронский.- турат.

А Н Н А.-/шылдыңдап/ Ошобу? Кайта ал буга аябай ыраазы.

3



Экинчи көшөгө

/АННАНЫН РОЛУ/

Вронский.- жүрөбүз?!

А Н Н А.- Башка кыйналса да ал кыйналбайт, Анын өзүн, анын ичи толгон арамдыгын же мен билбейт бекемин?... Бир нерсенин шеги билингенден кийин ал мени менен бирге тургандай, кантип киши бирге турсун? Ал түк эчтемени билбейт да, шектенбейт. Киши бир нерсенин шегин алгандан кийин, кантип өзүнүн опосуз аялы менен бир үйгө жашасын? Кантип ошондой аялы менен сүйлөшүүгө болот? Ошондой аялын сен деп кантип айтат??/Алексей Александрович-вичти дагы көз алдына элестетип/. Сен Машер. сен, Анна" Ал эркек да эмес, киши да эмес, ал бир сөлөкөт. Алар аны диндары, сыпайы, акылдуу, ак ниет адам дешет! Алар мен билгенди кайдан билсин?.. Ал мени сегиз жылдан бери кандайча эзип келгенин, эч бир тирүү жеримди койбой эзип бүткөнүн алар кайдан билсин. Жо- жок, мени жалындырмакчы болгон анын ошол арам торун бытчытын чыгарып үзөрмүн. Бул тирүү жан эмес эле

Экинчи кешеге

/АННАНЫН РОЛУ/

А Н Н А.-
минстерствонун жүргүзүп койгон машинеси. Мен анын аялы эмес, сенин аялың экендигимди, ал өзү чоочун, артык баш киши болуп калганын такыр билбейт... Эми анын кайсы бирин айтайын!...

Вронский.- Эми качан?

А Н Н А.- Аз калды, Күнүбүз азаптуу боло баштады, аны бир жаңсыл кылбасак болбойт деп сага айтпадымбы. Эми менин кыйналганымды айтпа, эгер түк эчтемкеден ийменбей, ээн- эркинөзүңдү сүйгөн болсом, армансыз болор элем! Ошондо сени кызгана берип, өзүмдү да, сени да кыйнабаган болор элем...Жакында ушундай да болуп калар, бирок ал биз ойлогондой эмес. /Аннанын көзүнө жаш имерилет/. Ал биз ойлогондой болбойт. Муну сага айтпайын дедим эле, бирок өзүң айткызып отурасың, жакында мунун баары бир жаңсыл болот, баарыбыздын көңүлүбүз жай алып, эч кимибиз түйшүк тартып кыйналбайбыз

Вронский.- буюрбасын.

А Н Н А.- Сен качан деп сурабадың беле? Жакында. Бирок мен андан аман калбайм. Сөзүмдү бөлбө! /Шашыла

Экинчи кешеге

/АННАНЫН РОЛУ/

А Н Н А.-

сүйлөп/ Ошондой болорун жакшы билем, ал анын. Мен өлөм

өлүп, бул азаптан өзүмдү да, силерди да куткарамын, мындай болгону дегеле ырас болот.

/Аннанын көзүнөн жашы мончоктоп төгүлө баштайт.

Вронский өз кейишин канчалык жашырса да, аны жашыра албай,ылдый эңкейип Аннанын колун өпкүлөй баштайт/.

А Н Н А.-/Вронскийдин колун катуу- катуу кысып/. Мына ошондой, ошондой болгону жакшы. Эми биздин калган жападан жалгыз кубанчыбыз мына ушул.

Вронский.- олтурасың?

А Н Н А.- Жок, бу чын.

Вронский.- чын?

А Н Н А.- Мени н өлөрүм чын. Түш көрдүм.

Вронский.- Түш дейсиңби?

А Н Н А.- Ооба, түш. Бул түштү көргөнүмө көп болду.Бирдемени алып, бир немени билгени өзүмдүн жатуучу бөлмөмө чуркап кирип барыпмын./ Катуу коркунуч менен/. Ошондо бөлмөмдүн бурчунда кандайдыр бир немени турганын көрдүм.

Вронский.- ишенсин?...

Экинчи көшеге

/АННАНЫН РОЛУ/

А Н Н А.- Сөзүн бөлдүрбөй. Алиги бөлмөнүн бурчунда турган неме мени карай имерилет, карасам сакалы сапсайган, бою кортойгон, бир түрү суук мужик экен. Үйдөн чыга качайын дегенимде, ал эңкейип кабын аңтара баштады. /Аннанын жүзүнө укмуштуудай коркунучтун белгилери көрүнөт/. Алиги мужик кабын аңтарып жатып, бар эмеспи, жакында, жакында дейт да, анан французча: ______________

______ деп булдурайт. Анан коркконумдан ойгонсом экен деп жатып, ойгонуп да кеттим...Бирок өңүмдө эмес, түшүмдө ойгондум. Ошондо, бул эмне деген болучу деп өзүмдөн өзүм сурайм. Анда Корней мага: Ажалыңыз төрөттөн, төрөттөн таксыр айым, төрөттөн", дегенди айтат. Ошондо ойгонуп кеттим.

Вронский.- жок сөздү!

А Н Н А.- Болуптур эмесе, муну айтпай эле коёлу. /Саат ондү согот/. Саат он да болду. /токтоо гана/ Кеткин эми, дагы ага учурап калып жүрбө.

А Н Н А.-/Чочугандай чыр этип/. Издегениңиз эмне?

Экинчи кешеге

/АННАНЫН РОЛУ/

Каренин.- каты.

столго келип

А Н Н А.- /дароо столго келип, тартманы жабат/. Мында кат жок.

Каренин.- беле.

А Н Н А.- Зарыл ишим болуп калгандыктан.../ эч кандай шылтоо таба албай мукактанып калат/

подчеркать слова

Каренин.- келбейт.

бар

А Н Н А.- Мен жөн эле.../ Карениндин мындай оройлугунан Аннанын ачуусу келип, кайраттана түшөт/. Мени оп-оңой эле кордоого боло тургандыгын же сиз түшүнбөйсүзбү?!

Каренин.- жатат.

А Н Н А.- Сиздин мынчалык ырайымсыздыгыңызды мен буга чейин билгеним жок эле.

Каренин.- жатабы?

А Н Н А.-/ ачуусуна чыдай албай/. Эгер билгиңиз келсе, бул ырайымсыздыктан да ашкан арамдыкка жатат!/Ордунан шарт туруп чыга жөнөмөкчү болот/.

экинчи жака обот. отургузат

Каренин.- арамдык дейт!

Экинчи көшөгө

/АННАНЫН РОЛУ/ отурат

А Н Н А.-/~~акырын сүйлөй~~/. Сиз менин жайымдын жамандыгын

өзүм билгенден артык ачып айта албайсыз, анын

баарын эмне сүйлөп олтурасыз?

Каренин.- жатам.

А Н Н А.- ~~көзүнө жаш имерилип~~/. Ансыз эле жакында бул [illegible]

бүтөт.

Кар нин.- шарт...

А Н Н А.- Алексей Александрович, жыгылганды ургандык эрдик

гана эмес, адамкерчиликке да жатпайт.

Каренин.- келгеним...

/ ~~аны жалт карап алып, шыбырайт~~/. Айтканымдан

А Н Н А.- ~~Менин сизге айтайын деп келгеним- эртең Москвага~~

кайта албайм.

~~кетемин, андан бул үйгө кайта келбеймин,~~

~~ажырашуу маселесин адвокатка тапшырам, менин~~

~~чечимимди ошол аркылуу угасыз. [illegible]~~

Каренин.- калат.

А Н Н А.-/~~аны кабак астынан карап~~/. Мени кейиткени гана

сиз Серёжаны алганы жатасыз. Сиз аны жакшы көрбөй-

сүз... Серёжаны мага калтырыңыз.

Экинчи көшөгө

12-Картина жарамдуу

/АННАНЫН РОЛУ/

Каренин.- кош болуңуз.

А Н Н А.-/шыбырай сүйлөп/. Алексей Александрович. Серёжаны мага калтырыңыз. Андан башка айтарым жок. Өзүмдүкү болгуча Серёжаны тим коюңуз... жакында төрөйм...

Аны мага калтыра туруңуз.

Каренин.- кайта отурат/

А Н Н А.-/ ал эң эле угумдуу үнгө салып, эң эле ылдам, эң келишимдүү мукам менен/. Эмне үчүн дегенде, мен Алексей Александрович жөнүндө айтып жатам, Алексей- Экөөнүн тең аты Алексей болушу бул тагдырдын укмуштуудай кызык тамашасы эмеспи, же төгүнбү? Алексей менин айтканымды эки кылбайт эле. Мен болсом баарын унутуп, ал да кечирим кылган болор эле... Ал эмне үчүн келбей жатат болду экен?

Акушерка.- Анна Аркадьевна.

А Н Н А.- Ал аябаган боорукер киши, өзүнүн боорукердигин өзү билбейт. Ай, кудай ай, ичим бышып баратат! Суу, суу бергилечи, батыраак! Ай, бу тиги менин кызыма жакпайт! Болуптур, эмесе эмизе турган аял